Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун
№ 10 ПРОТОКОЛдун
көчүрмөсү

18.06.2025-ж.

1. Ж. Баласагын атындагы КУУда сапат менеджмент системасынын ISO 9001: 2015 стандарттарынын талаптарына ылайык түзүлүшү боюнча уставынын бекитүүсү жөнүндө.

*(Жооптуу Биринчи проректор-окуу иштери боюнча проректор, КУУнун Сапат кеңешинин төрагасы Шамшиев Алайбек Бурканович)*

Жусуп Баласагын атындагы КУУнун биринчи проректору – окуу иштери боюнча проректору А.Б. Шамшиевдин "Ж. Баласагын атындагы КУУнун сапат менеджмент системасын ISO 9001: 2015 талаптарына шайкеш келтирүү" долбоорунун уставы тууралуу" баяндамасын угуп, талкуулап, Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңеши төмөнкүлөрдү белгилейт:

Жусуп Баласагын атындагы КУУда ISO 9001:2015 талаптарына шайкеш келген сапат менеджмнти системасын (СМС) түзүү үчүн атайын Уставды иштеп чыгып, бекитүү зарыл. Бул документ СМСти киргизүү жана колдоого багытталган университеттин ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн жөнгө салат.

"Жусуп Баласагын атындагы КУУда ISO 9001: 2015 талаптарына шайкеш келген сапат менеджемнти системасын (СМС) түзүү" долбоорун аткаруунун жыйынтыгында Университет 2025-жылдын ноябрында күбөлөндүрүүчү органга СМСти сертификациялоо арызы менен кайрылышы керек.

"Жусуп Баласагын атындагы КУУда ISO 9001:2015 талаптарына шайкеш келген сапат менеджемнти системасын (СМС) түзүү" долбоорунун Уставы 2025-жылдын 16-июнунда Ректораттын кеңешинде угулуп, Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңешинин бекитүүсүнө сунушталган.

Жогоруда баяндалганды эске алып, Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. "Жусуп Баласагын атындагы КУУда ISO 9001:2015 талаптарына шайкеш келген сапат менеджемнти системасын (СМС) түзүү" долбоору жактырылып, бекитилсин.
2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Биринчи проректор – окуу иштери боюнча проректор А.Б. Шамшиевге жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы,
профессор — Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы,
доцент — Ж.Ж. Керимканова